Байланыштуу кепти өстүрүүдө текст менен иштөө, сөздүк жумуштарын жүргүзүү, сүйлөм түзүү, оозеки жана жазуу тапшырмаларын аткаруу маанилүү орунду ээлейт. Бул иштерди окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана окуу материалдарынын мазмунуна ылайык системалуу жүргүзүү алардын кеп маданиятын калыптандырууга шарт түзөт. Ошондуктан башталгыч класстарда байланыштуу кепти кыргыз тили сабагынын мазмуну менен айкалыштырып, оозеки жана жазуу формасында үзгүлтүксүз өнүктүрүү зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: функционалдык стилдер. 4-китеп. – Бишкек: Бийиктик, 2004.
2. Давлетов С. Байланыштуу речь: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек: Мектеп, 1999.
3. Предметтик стандарт. «Кыргыз тили жана окуу»: окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдардын 1–6-класстары үчүн. – Бишкек, 2025. – 5 б.
4. Рысбаев С. К. Сөз жөнүндө дастан. – Бишкек, 2007.
5. Рысбаев С. К. Окуучунун кебин өстүрүүнүн технологиялары. – Бишкек, 2013.
6. Сакиева С. С. Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы: окуу куралы. – Бишкек, 2016. – 188 б.
7. Сартбаев К., Акунова, А., Мураталиева, А. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Бишкек, 2013. – 425 б.
8. Сөз байлыгы: № 3 модуль: «Келгиле окуйбуз» долбоорунун материалдары. – Бишкек, 2019.
9. Турусбеков С., Бердибаев, Э., Рысбекова, Б., Сартбаев, К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе: Мектеп, 1965.
10. Чыманов Ж. А. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. – Бишкек, 1997. – 96 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Ураимов К. М.

УДК: 372.4 (574.1)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-235-241

Сарылбекова З., Жамгырчиева Т.Ж.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ,
Саткынбай Тентишев атындагы Азия эл аралык университети
Сарылбекова З.,[1] Жамгырчиева Т.Ж.[2]
КНУ имени Жусупа Баласагына,[1]
Азиатский международный университет имени Саткынбая Тентишева[2]
Sarylbekova Z., Zhamgyrchieva T.Z.
KNU Jusup Balasagyn,
Asian International University named after Satkynbai Tentishev

ORCID 0009-0002-9179-8179
ORCID 0009-0000-0498-763X

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ
ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ И ПРАКТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПРЕПОДАВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ВТОРОГО
THEORETICAL AND PRACTICAL FOUNDATIONS OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE AS A SECOND LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Кыргыз тили Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил макамына ээ болгондуктан, аны экинчи тил катары үйрөнүүнүн зарылдыгы күн санап өсүүдө. Кыргыз тилин үйрөнүү коомдук жана маданий интеграциянын маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу тил үйрөнүүчүлөрдүн өзгөчөлүктөрүн эске алган атайын методдорду жана стратегияларды талап кылган татаал процесс. Бул процесс тил илиминин, педагогиканын жана психолингвистиканын теориялык негиздерине таянып, тил үйрөнүүчү аудиториянын өзгөчөлүктөрүн, методикалык ыкмаларды жана лингводидактикалык принциптерди эске алуу менен ишке ашырылат. Макалада кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык аспекттери талданып, натыйжалуу методдору каралат. Ошондой эле тил үйрөтүүдө кездешкен негизги кыйынчылыктар аныкталып, аларды чечүүнүн жолдору сунушталат.

Аннотация: Кыргызский язык имеет статус государственного языка в Кыргызской Республике, в связи с чем необходимость его изучения как второго языка возрастает. Изучение кыргызского языка является одним из важных факторов социальной и культурной интеграции. Преподавание кыргызского языка как второго представляет собой сложный процесс, требующий применения специальных методов и стратегий с учётом особенностей изучающих язык. Данный процесс основывается на теоретических положениях языкознания, педагогики и психолингвистики и осуществляется с учётом особенностей языковой аудитории, методических подходов и лингводидактических принципов. В статье анализируются теоретические и практические аспекты преподавания кыргызского языка как второго и рассматриваются эффективные методы обучения. Также определяются основные трудности, возникающие в процессе обучения языку, и предлагаются пути их решения.

Abstract: The Kyrgyz language has the status of the state language in the Kyrgyz Republic, and therefore the need to learn it as a second language is increasing. Learning Kyrgyz is an important factor in social and cultural integration. Teaching Kyrgyz as a second language is a complex process that requires specific methods and strategies tailored to the needs and characteristics of language learners. This process is based on the theoretical foundations of linguistics, pedagogy, and psycholinguistics and takes into account the characteristics of the target audience, methodological approaches, and principles of language teaching. This article analyzes the theoretical and practical aspects of teaching Kyrgyz as a second language and examines effective teaching methods. It also identifies the main challenges encountered in the language-learning process and proposes ways to address them.

Негизги сөздөр: тил илими; педагогика; психолингвистика; социалдык чөйрө; теориялык негиздер; технология; стратегия; интенция; мотив.

Ключевые слова: языкознание; педагогика; психолингвистика; социальная среда; теоретические основы; технология; стратегия; интенция; мотив.

Keywords: linguistics; pedagogy; psycholinguistics; social environment; theoretical foundations; technology; strategy; intention; motive.

Киришүү. Азыркы учурда дүйнөдө болуп жаткан коомдук-саясий, маданий жана илимий-техникалык өзгөрүүлөр билим берүүнүн сапатына да өз таасирин тийгизүүдө. Көп улуттуу жана көп маданияттуу Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тили катары үйрөтүү багытында реформаларды жүргүзүү зарылдыгы пайда болду. Мунун өзү Кыргызстанда кыргыз тилин жана адабиятын мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдын негизинде башка

улуттардын өкүлдөрүнө үйрөтүүгө, ошондой эле тил аркылуу кыргыз элинин руханий дүйнөсүн жана маданиятын таанып-билүүгө жол ачат[1; 2].

Бул багытта республикада кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган бир катар илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, окуу китептери жана окуу куралдары жарык көргөн. Кыргыз тилин экинчи же чет тили катары окутуунун методикасына арналган илимий изилдөөлөргө кайрыла турган болсок, К. Добаевдин докторлук диссертациясы кыргыз тилинин лексикасын орус мектептеринин башталгыч класстарында окутуунун теориялык негиздерине арналган. С. Рысбаевдин кандидаттык диссертациясында окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин I–IV класстарында кыргыз тилин окутууда окуучулардын маек кебин өстүрүүнүн жолдору изилденген [2; 3]. А. Акматованын кандидаттык диссертациясында өзбек мектебинин V классында кыргыз тилин окутууда окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүнүн негиздери каралган. Ү. Култаеванын «Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы» аттуу окуу-методикалык куралы кыргыз тилин орус мектептеринде окутуу маселелерине арналган[4]. З. Сарылбековандын «Коммуникативные основы обучения кыргызскому языку в старших (10–11) классах с русским языком обучения» аттуу диссертациясында кыргыз тилин экинчи тил катары коммуникативдик негизде үйрөтүү маселелери изилденген [5].

Ал эми жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи же чет тили катары окутуунун методикасына К. А. Биялиевдин «Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин коммуникативдик багытта экинчи тил катары окутуу методикасынын негиздери» жана Н. К. Сегизбаеванын «Бакалавр даражасындагы студенттерге кыргыз тилин деңгээлдер боюнча үйрөтүүнүн методикасы» аттуу докторлук диссертациялары арналган [6].

Жогоруда аталган тилчи-окумуштуулар өз эмгектеринде кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык негиздерине кайрылып, бул процесс тил илиминин, педагогиканын, лингводидактиканын жана психолингвистиканын негизинде, ошондой эле когнитивдик жана коммуникативдик методдордун алкагында өнүгөрүн белгилешет. Бул багытта төмөнкү негизги аспекттерге көңүл бурулат:

– тилдик чөйрөгө жана коммуникативдик мамилеге;

– лингвистикалык негиздерге;

– психолингвистикалык негиздерге.

Тилдик чөйрө жана коммуникативдик мамиле. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө тилдик чөйрө маанилүү фактор болуп саналат. Тилди аудиторияда гана үйрөнүү менен чектелбестен, аны күнүмдүк турмушта колдонууга мүмкүнчүлүк түзүү тилдик компетенциянын калыптанышына өбөлгө түзөт. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун концептуалдык негиздеринде да тил үйрөнүүчүлөрдү күнүмдүк жана коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө кыргыз тилинде пикир алышууга көнүктүрүү негизги максаттардын бири катары белгиленет [1].

Тилдик чөйрө эки жактуу мааниге ээ. Биринчиден, ал тил үйрөнүүчүгө жаңы тилдик материалды табигый кырдаалда кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. Экинчиден, үйрөнгөн тилдик каражаттарды практикада колдонууга шарт түзөт. Демек, тилдик чөйрө тилди кабыл алуу, түшүнүү жана колдонуу процесстерин бирдиктүү системага келтирет. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда коммуникативдик мамиле өзгөчө мааниге ээ. Коммуникативдик окутуунун негизги максаты тилдин грамматикалык түзүлүшүн гана үйрөтүү эмес, тилди реалдуу пикир алышуунун каражаты катары колдонууга үйрөтүү болуп саналат [5; 6].

З. Сарылбековандын эмгектеринде коммуникативдик мамиленин негизинде окуучунун реалдуу сүйлөшүү кырдаалдарында тилди колдонуу жөндөмүн калыптандырууга өзгөчө көңүл бурулат [5]. К. А. Биялиев да кыргыз тилин экинчи жана чет тили катары окутууда коммуникативдик багытты негизги методикалык багыттардын бири катары карайт [6].

Коммуникативдик мамиледе сабактагы негизги объект — кеп ишмердүүлүгү. Ал угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу аркылуу ишке ашырылат. Мында тил үйрөнүүчү пассивдүү маалымат алуучу эмес, окуу процессинин активдүү субъектиси катары каралат.

Коммуникативдик мамилени ишке ашырууда төмөнкүдөй кырдаалдык тапшырмаларды колдонууга болот:

– дүкөндө товар сатып алуу;
– базарда бааны суроо;
– коомдук транспортто сүйлөшүү;
– медициналык мекемеде дарыгер менен баарлашуу;
– окуу жайында окутуучу менен сүйлөшүү;
– өзүн тааныштыруу;
– үй-бүлөсү жана кесиби жөнүндө маалымат берүү.

Мындай тапшырмалар тил үйрөнүүчүгө сөздөрдү жана грамматикалык конструкцияларды өз алдынча эмес, белгилүү бир коммуникативдик максатта колдонууга шарт түзөт.

Лингвистикалык негиздер. Кыргыз тилин окутууда анын фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик жана лексикалык түзүлүштөрү эске алынат. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүдө тилдик түзүлүштөр салыштырылып, башка тилдер менен болгон окшоштуктары жана айырмачылыктары аныкталат.

Психолингвистикалык негиздер. Тилди өздөштүрүүдө психолингвистикалык факторлор чоң мааниге ээ. Окутуу процессинде тил үйрөнүүчүнүн жаш курагы, мотивациясы, эс тутуму, кабыл алуу өзгөчөлүктөрү, көңүл буруусу жана когнитивдик мүмкүнчүлүктөрү эске алынууга тийиш.

Тилди үйрөнүүгө болгон ички муктаждык жана мотивация тил үйрөнүүнүн натыйжалуулугуна түздөн-түз таасир этет. Тил үйрөнүүчү кыргыз тилин эмне үчүн үйрөнүп жатканын түшүнгөндө, окуу ишмердүүлүгүнө активдүү катышууга кызыгуусу жогорулайт.

Психолингвистикалык көз караштан алганда, кептик ишмердүүлүк мотив, коммуникативдик ниет жана аны ишке ашырууга багытталган программалоо процесси менен байланыштуу. Бул маселелер А. А. Леонтьевдин кептик ишмердүүлүк жөнүндөгү изилдөөлөрүндө кеңири каралган [7].

Ошондуктан макалада мурда колдонулган «коммуникативдик ниет (интенция), мотив, программа жана практика» деген түшүнүктөрдү тил үйрөнүү процессинин психолингвистикалык жана практикалык компоненттери катары кароого болот. Тил үйрөнүүчүнүн кыргыз тилин колдонууга болгон ички ниети анын коммуникативдик муктаждыгы менен байланышып, окуу программасында каралган тилдик материалды өздөштүрүүгө жана аны практикада колдонууга алып келет. Бул компоненттерди төмөнкүдөй түшүндүрүүгө болот:

Интенция – адамдын тилди үйрөнүүгө болгон ички каалоосунун жаралышы. Демек, окуучуда кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон каалоонун, ички ынтаанын болушу, тил үйрөнүүгө болгон муктаждыкты сезиши жана аң-сезимдүү мамиленин калыптанышы маанилүү.

1. Мотив – сүйлөшүүгө болгон зарылчылыктын жана сүйлөшүү кырдаалынын түзүлүшү. Мында мугалим ар бир сабакта кыргыз тилинде сүйлөшүүгө түрткү берген кырдаалды түзө билиши керек. Окуучу мугалим менен жекече баарлашууда да, сабактагы иш-аракеттер учурунда да кыргыз тилинде сүйлөшүүнүн зарылдыгын сезип-туюп, аны күн сайын ырааттуу түрдө ишке ашырууга умтулуусу зарыл.

2. Программа – окуу материалдарынын негизинде зарыл болгон лексикалык-грамматикалык материалдарды системалуу түрдө өздөштүрүү.

3. Практика – класста, мектепте жана окуучулар жашаган чөйрөдө кыргыз тилинде күн сайын баарлашууга шарт түзүү. Окуучулардын кыргыз тили сабагында мугалим менен кыргыз тилинде баарлашуусу, окуу материалдарына көңүл буруп, активдүү ишмердикке катышуусу тилди практикалык жактан өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

Ал эми тилди окутуунун практикалык негиздери заманбап методдорду колдонууга, интерактивдүү усулдарды ишке ашырууга жана реалдуу тилдик чөйрөнү түзүүгө багытталат. Бул процессте тил үйрөнүүчүлөрдүн тилдик деңгээли, мугалимдин методикалык чеберчилиги жана окутуунун натыйжалуу каражаттары чоң мааниге ээ.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун практикалык ыкмалары. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда кеп ишмердигине негизделген коммуникативдик жана интеграциялык методдор кеңири колдонулат. Ошондой эле заманбап технологияларды, аудиовизуалдык материалдарды жана оюн методдорун колдонуу окутуунун натыйжалуулугун арттырат. Кыргыз тили сабагын жандуу, кызыктуу жана максаттуу баарлашууга негиздеп уюштуруу талап кылынат.

Кеп ишмердүүлүгү – адамдын ишмердүүлүгүнүн калыптанышын, өнүгүшүн жана ишке ашырылышын камсыз кылган маанилүү компоненттердин бири. Кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү ой жүгүртүү, аң-сезим, таанып-билүү жана кызыгуу процесстери менен тыгыз байланышта болот.

Кеп ишмердүүлүгү сүйлөө, угуу, жазуу жана окуу сыяктуу ишмердиктин түрлөрүн камтыйт. Ошол эле учурда ал ой жүгүртүү, таанып-билүү, кызыгуу, аң-сезим жана акыл-эс менен ажырагыс биримдикте болгон татаал социалдык-психологиялык кубулуш болуп саналат.

Демек, окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү анын өзүн-өзү таанып-билүүсүнө, инсан катары калыптанышына, коомдогу социалдык-турмуштук жагдайларга карата өз көз карашын иштеп чыгуусуна, жарандык сезиминин жана адеп-ахлактык түшүнүктөрүнүн калыптанышына, жамаатта аракеттенүүгө көнүгүүсүнө, турмуштук жана инсандык максаттарын аныктоосуна, тилдик-кептик жеке суроо-талаптарын канааттандыруусуна жана турмуштук зарыл компетенцияларга ээ болуусуна багытталган дидактикалык маселелерди чечүүгө өбөлгө түзөт.

Көрсөтүлгөн дидактикалык маселелерди чечүү окуучунун кыргыз тилинде туура жана так сүйлөй алуусун, баарлашуусун, кебинин адабий тилдин жана кеп маданиятынын нормаларына шайкеш келишин, сөздөрдүн маанисин жана контексттик маанисин туура түшүнүүсүн, кепти уга билүүсүн, орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык жактан сабаттуу жаза билүүсүн, ошондой эле түрдүү стилдердеги тексттерди окуп-түшүнүүсүн өркүндөтүү менен биримдикте ишке ашырылат.

Коммуникативдик ыкма. Коммуникативдик мамиледе окутуу ишмердүүлүк мүнөзгө ээ. Сабакта окуучулар реалдуу баарлашуу аркылуу реалдуу же элестетилген коммуникативдик милдеттерди аткарышат. Тил үйрөтүүдө коммуникативдик мамиленин борборунда окуу ишмердүүлүгүнүн субъектиси катары окуучу турат. Окутуу системасында окуучунун жекече-психологиялык, куралтык жана улуттук өзгөчөлүктөрү, ошондой эле кызыкчылыктары эске алынат.

Коммуникативдик мамиледе окутуунун негизги объектиси кеп ишмердүүлүгү болуп, ал угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу түрлөрү аркылуу ишке ашырылат. Коммуникативдик мамиле тилди баарлашуу аркылуу үйрөнүүгө жана аны пикир алышуу каражаты катары пайдаланууга багытталат. Ошондуктан сабакта негизги көңүл окуучулардын баарлашуу муктаждыктарына жана баарлашуу процессинде кесиптик жана жалпы маданий мааниге ээ болгон маалыматтарга бурулушу керек [4].

Өзүмдүн педагогикалык практикамда кыргыз тили предметин чет өлкөлүк студенттерге окутам. Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты – тил үйрөнүүчүлөрдүн кыргыз тилин баарлашуу каражаты катары пайдалана билүүсүнө шарт түзүү жана алардын коммуникативдик жөндөмүн калыптандыруу. Бул кыргыз тилин үйрөнүүдөгү негизги максаттардын бири болуп саналат жана башка практикалык милдеттер да аны ишке ашырууга багытталат.

Мисалы, «Дүкөндө», «Базарда» деген темаларды өтүүдө студенттер сатуучу менен кардардын ролунда диалог түзүп, сүйлөшүүгө керектүү негизги фразаларды үйрөнүшөт. Мындай тапшырмалар аркылуу алар:

– баа суроо, товар тандоо жана ыраазычылык билдирүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт;

– реалдуу коммуникативдик кырдаалда сүйлөөгө көнүгүшөт.

Мисалы:

Кардар: Саламатсызбы! Бул алма канча турат?

Сатуучу: Саламатчылык! Бир килограммы 70 сом.

Кардар: Мага бир килограмм бериңизчи.

Сатуучу: Мына, алыңыз.

Кардар: Рахмат! Саламатта калыңыз!

Сатуучу: Кош болуңуз! Дагы келип туруңуз!

Мындай тапшырмалар студенттерге сөздөрдү жаттап алуу менен гана чектелбестен, аларды конкреттүү кырдаалда колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле студенттер бааны суроо, товар тандоо, өтүнүч жана ыраазычылык билдирүү сыяктуу практикалык коммуникативдик көндүмдөрдү өздөштүрүшөт.

Маданий компоненттерди колдонуу да маанилүү. Кыргыз элинин каада-салты, улуттук тамак-ашы, музыкасы, адабияты, тарыхы жана күнүмдүк жашоо-турмушу менен байланышкан материалдар тил үйрөнүүчүнүн кызыгуусун арттырат жана тилди маданий контекстте өздөштүрүүгө шарт түзөт.

Ошондой эле мультимедиялык материалдарды, аудио- жана видеоматериалдарды, онлайн платформаларды, мобилдик тиркемелерди жана интерактивдүү тапшырмаларды пайдалануу тил үйрөнүүчүнүн өз алдынча иштөөсүнө мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз тилин мультимедиялык каражаттар аркылуу үйрөтүүгө арналган методикалык эмгектерде да мындай каражаттардын окуу процессиндеги практикалык мааниси белгиленет [8].

Натыйжалар жана талкуу. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык негиздерин талдоонун жыйынтыгында бир катар көйгөйлөрдү белгилөөгө болот.

Биринчиден, тил үйрөнүүчүнүн кыргыз тилин күнүмдүк турмушта колдонуу мүмкүнчүлүгү жетиштүү болбосо, аудиторияда алынган тилдик билим практикалык көндүмгө толук айланбай калышы мүмкүн. Ошондуктан окуу жайында гана эмес, коомдук чөйрөдө да кыргыз тилин колдонууга шарт түзүү зарыл.

Экинчиден, тил үйрөнүүчүлөрдүн баштапкы тилдик деңгээли бирдей эмес. Айрыкча жогорку окуу жайларында ар башка өлкөлөрдөн келген студенттердин тил үйрөнүү тажрыйбасы жана коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрү айырмаланат. Бул жагдай деңгээлдик мамилени жана дифференциацияланган тапшырмаларды колдонууну талап кылат [2; 3; 6].

Үчүнчүдөн, тил үйрөнүүдө теориялык билимди практикалык коммуникация менен айкалыштыруу зарыл. Грамматикалык эрежелерди өздөштүрүү сүйлөө жана угуу көндүмдөрү менен бекемделбесе, тил үйрөнүүчүнүн реалдуу кырдаалда баарлашуу мүмкүнчүлүгү чектелиши мүмкүн.

Төртүнчүдөн, методикалык ресурстарды заманбап талаптарга ылайык жаңыртуу зарыл. Бул багытта кырдаалдык окутууга, коммуникативдик тапшырмаларга, мультимедиялык каражаттарга жана деңгээлдик окутуу принциптерине негизделген окуу материалдарын көбөйтүү маанилүү [5; 8].

Жогорудагы маселелерди чечүү үчүн төмөнкү багыттарды сунуштоого болот:

– кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун бардык баскычтарын камтыган бирдиктүү методикалык системаны өркүндөтүү;

– тил үйрөтүүдө деңгээлдик жана коммуникативдик мамилелерди айкалыштыруу;

– окуу материалдарын тил үйрөнүүчүлөрдүн муктаждыктарына ылайыкташтыруу;

– заманбап санариптик жана мультимедиялык каражаттарды кеңири колдонуу;

– мугалимдердин методикалык жана кесиптик компетенттүүлүгүн үзгүлтүксүз өркүндөтүү;

– тил үйрөнүүчүлөр үчүн кыргыз тилинде баарлашуу клубдарын уюштуруу жана тилди практикада колдонууга шарт түзүү.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу тилдин теориялык түзүлүшүн үйрөтүү менен гана чектелбестен, тил үйрөнүүчүнүн аны күнүмдүк, социалдык жана кесиптик кырдаалдарда эркин колдоно билүүсүн камсыз кылууга багытталууга тийиш.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда тилдик чөйрө, коммуникативдик мамиле, лингвистикалык жана психолингвистикалык негиздер өз ара байланышта каралышы зарыл. Тилдик материал тил үйрөнүүчүнүн деңгээлине жана муктаждыгына ылайык тандалып, өздөштүрүлгөн билимди практикада колдонууга багытталууга тийиш.

Окутуу процессинде угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу көндүмдөрүн комплекстүү өнүктүрүү, реалдуу коммуникативдик кырдаалдарды түзүү, ролдук оюндарды, диалогдорду, талкууларды, долбоордук иштерди жана санариптик ресурстарды колдонуу маанилүү.

Ошондой эле кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда деңгээлдик мамилени өркүндөтүү, окуу программаларын тил үйрөнүүчүлөрдүн муктаждыктарына ылайыкташтыруу жана заманбап окуу-

методикалык ресурстарды иштеп чыгуу зарыл.

Келечекте кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда тилдик чөйрөнүн таасирин, кыргыз маданиятын тил үйрөтүү процессине интеграциялоонун мүмкүнчүлүктөрүн, санариптик технологияларды пайдалануунун натыйжалуулугун жана жогорку окуу жайларындагы чет өлкөлүк студенттердин тил үйрөнүү өзгөчөлүктөрүн эмпирикалык маалыматтардын негизинде терең изилдөө максатка ылайыктуу.

Колдонулган адабияттар

1. Биялиев, К. А. Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015. – 360 б.
2. Джусупбекова, Н., Оморова, А. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1–4-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарт. – Бишкек, 2022. – 49 б.
3. Рысбаев, С. К. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун деңгээлдик системасы жана ага коюлуучу дидактикалык талаптар. – Бишкек, 2012. – 96 б.
4. Рысбаев, С. К. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. – 2-бас. – Бишкек, 2014. – 312 б.
5. Сарылбекова, З. Коммуникативные основы обучения кыргызскому языку в старших (10–11) классах с русским языком обучения : дис. ... канд. пед. наук : 13.00.02. – Бишкек : КНУ им. Ж. Баласагына, 2007. – 153 с.
6. Сарылбекова, З. Кыргыз тилин кырдаалдык негизде окутуу. – 2-бас. – Бишкек, 2013. – 15,5 б. т.
7. Сарылбекова, З. Кыргыз тилин мультимедиялык каражаттар аркылуу үйрөтүү : кошумча окуу куралы. – Бишкек, 2019.
8. Эсеналиева, К. Мамлекеттик тилди окутууда интерактивдүү ыкмаларды колдонуу. – Бишкек, 2002. – 67 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Аскар кызы Ж.

УДК:373.5.:821
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-241-247

Саттарова А.Т., Коргонбекова Н.Т.
М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети
Саттарова А.Т., Коргонбекова Н.Т.
Ошский технологический университет имени М.М.Адышева
Sattarova A.T., Korgonbekova N.T.
Osh Technical University named after M. Adishev

ORCID 0009-0007-8426-2540

«МАНАС» ЭПОСУ – УЛУТТУК ТАРБИЯНЫН БУЛАГЫ
ЭПОС «МАНАС» – ИСТОЧНИК НАЦИОНАЛЬНОГО ВОСПИТАНИЯ
THE EPIC OF MANAS – A SOURCE OF NATIONAL EDUCATION

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада кыргыз элинин руханий мурасынын туу чокусу болгон «Манас» эпосунун этнопедагогикалык мааниси талдоого алынат. Эпосто кыргыз элинин кылымдар бою калыптанган мекенчилдик, эл биримдиги, баатырдык, адептүүлүк, эмгекчилдик, жоомарттык, меймандостук сыяктуу улуттук нарктарынын чагылдырылышы каралат. Бул нарктардын жаштарды тарбиялоодогу ролу, келечек муунду калыптандыруудагы таасири жана этнопедагогикалык мааниси ачып көрсөтүлөт. Эпостун сюжети, каармандары, образдары жана көркөм каражаттары аркылуу